# №7 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ

КАБЫЛ АЛЫНДЫ
№7 жалпы орто билим берүү мектебини
педагогикалык кеңешмесинин
2018-жылындагы 12-ноябрындагы
№12 протоколунда

БЕКИТЕМИН
№7 жалпы орто билим
берүү мектебинин директору
__________ Бердалиев Ч.Б.
2018-жыл 12-ноябрь

# №7 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Мектептин өнүгүү программасы билим берүү мекемесинин өнүгүү стратегиясын, билим берүү процессинин максаттарын окуучулардын билим чөйрөсүндө өнүгүүсү үчүн стратегиялык милдеттерди аткарууга багытталган иш аракеттердин программалардын, пландардын иш чараларын түзүү жана ишке ашыруу.

Бул программа мектептин өнүгүү багыттарын аныктоо концепциясын жана аны ишке ашыруунун негизги багаттарын аныктайт.

## МАЗМУНУ


- ПРОГРАММАНЫН ПАСПОРТУ
- ТҮШҮНҮК КАТ
- МЕКТЕП ЖӨНҮНДӨ  МААЛЫМАТ
- МҮНӨЗДӨМӨ, АБАЛЫН ТАЛДОО,НЕЗИЗДӨӨ.
- ПРОГРАММАНЫН КОНЦЕПЦИЯСЫ
- ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ
- ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН РЕСУРСТАРЫ
- МЕКТЕПТИ ӨНҮКТРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ЭТАПТАРЫ
- ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫН АТКАРУУУНУН ТААСИРДҮҮЛҮГҮН БААЛОО ЖАНА ТЕКШЕРҮҮ

# Өнүгүү программасынын паспорту

| | |
|---|---|
| **Программанын жалпы аталышы** | 2018-2026- окуу жылдарында №7 жалпы орто билим берүү мектебинин өнүгүү программасы |
| **Программаны иштеп чыгууга негиздер** | ✓ Кыргыз Республикасынын Конституциясы ;<br>✓ Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы.<br>✓ Окуу планы:<br>✓ Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейинки улуттук өнүгүү стратегиясы;<br>✓ Балдардын укугун коргоо конвенциясы;<br>✓ Кыргыз Республикасынын мамлекеттик стандарты;<br>✓ Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучулары жана жаштарды тарбиялоо концепциясы<br>✓ №7ОМ Уставы; |
| **Программаны иштеп чыккандар** | №7жалпы орто билим берүү мектебинин администрациясы |
| **Программаны аткаруучулар** | Мектептин педагогикалык жамааты, окуучулар жана ата-энелер,коомчулук ,мектептин социалдык портнерлору. |
| **Программанын миссиясы** | Коомдун жана мамлекеттин заманбап суроо-талаптарына шайкеш келген билим берүүнүн жаңы сапатына жетишүү үчүн билим берүү процессинин субъекттерин ар тараптуу өнүктүрүү жана өзүн-өзү тарбиялоо үчүн максималдуу жагымдуу шарттарды түзүү. |
| **Программанын максаты** | • Билим берүүнүн сапаттуулугун сактоо жана бирдиктүү билим берүүнүн натыйжалуу туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу инсандын ар тараптуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн мектеп чөйрөсү аркылуу баланын негизги компетенттүүлүгүн калыптандыруу, инсандык сапаттарга тарбиялоо<br>• Ата-энелер менен тыгыз байланышта иш жүргүзүү<br>• Мектептин материалдык базасын чыңдоо |
| **Программанын милдеттери** | • Мектептин ишин көйгөйлөрүн талдоонун негизинде аныктоо менен мектептин билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүнүн негизги багыттарын иштеп чыгуу . (2018-жылдан 2026-жылга чейинки мезгил. ) |

| | |
|---|---|
| | • Бардык окуучулар үчүн предметтер боюнча мамлекеттик стандарттын сапаттуу аткарылышын камсыз кылуу менен топтогон тажрыйбалардын негизинде билим берүүнүн сапаттуулугун арттыруу.<br>• Окуучулардын сапаттуу билим алуусу үчүн комфорттук чөйрөнү түзүү.<br>• Улуттук баалуулуктардын жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде адеп -ахлактуу, жоопкерчиликтүү ,өз ишин билген, тез чечим чыгара алган, демилгелүү жана компетенттүү атуулду тарбиялоо;<br>• Окуу тарбиялоо процессинде методикалык технологияларды колдонууну ишке ашыруу аркылуу мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу.<br>• Окуу процессин маалыматтык технологияларды колдонуу менен оптималдуу уюштуруу<br>• Окуучуларда негизги компетенттүүлүктү калыптандыруунун өнүктүрүүнүн негизинде окуучулардын сүйлөө жана мамиле түзүү маданиятын өнүктүрүү. |
| **Программанын кызматы** | 1. Билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүнүн жана аларга жетүүнүн жолдорун, максаттарын жана милдеттерин аныктайт<br>2. Тандалган иш аракеттердин максатынын тууралыгын контролдоо каражаты катары кызмат кылат.<br>3. Түрткү берүүчү жана активдештирүүчү функцияларды аткарат |
| **Иш-аракеттин негизги багыттары** | Мектеп –негизги жана орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу,билим берүүнү өнүктүрүүчү мекеме.<br>Мектеп өз өнүгүүсүндө төмөнкү баалуулуктарды приореттүү деп эсептейт:<br>✓ Кыргыз Республикасынын мамлекеттик стандартынын талаптарына жооп берген жеткиликтүү сапаттуу билим берүүнү камсыздоо;<br>✓ Билим берүүдөгү жаңы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүү;<br>✓ Таланттуу жана жөндөмдүү окуучуларды колдоо системасын өнүктүрүү;<br>✓ Билим берүүнү маалыматташтыруу;<br>✓ Окуучулардын ден соолугун сактоо жана бекемдөө;<br>✓ Мугалим,окуучу,ата-эне ортосундагы өз ара байланыштын бекемдигин сактоо;<br>✓ Өз ата мекенин –Кыргызстанды сүйүүгө,урматтоого жана анын улуттук маданиятын сактоо,жаратылыш байлыктарына аяр мамиле жасоого тарбиялоо;<br>✓ Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо; |
| **Күтүлүүчү натыйжа.** | ✓ Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты жогорулайт.<br>✓ Окуу тарбия процессин , окуу программаларын ишке ашыруу боюнча жетекчиликти |

<table>
<tr><td></td><td>уюштуруу,башкаруу иштери демократиялык жол менен жургүзүлөт.<br>✓ Педагогдордун компетенттүүлүгү жана кесиптик чеберчилиги жогорулайт.<br>✓ Алган билимдерин турмушта колдоно билген, коомдо өз ордун таба алган,социалдык компетенттүүлүккө ээ болгон бүтүрүүчүлөр даярдалат<br>✓ Мектептин материялдык техникалык базасы чыңдалат.<br>✓ Мектеп ичинде окуучулардын ,педагогодордун ден соолугун сактоо,чыңдоо , өмүрүнүн коопсуздугун сактоого шарттар түзүлүп ,окуучулар сапаттуу билим чөйрөсүнө тартылышат.</td></tr>
<tr><td>Программаны ишке ашыруунун мөөнөтү</td><td>2018-2026-окуу жылдары</td></tr>
<tr><td>Программаны ишке ашыруунун этаптары</td><td>
<table>
<tr><td>Мектептин психологиялык-педагогикалык темасы:<br>“ Билим сапатын көтөрүүнүн каражаты катарында заманбап билим берүү ыкмаларын колдонуу”</td><td>1-этап<br>2018-2020-жыл<br>Проблеманы тактоо , даярдоо диагноздоо этабы</td><td>2-этап<br>2020-2022-жыл<br>Суроолорду жана теорияларды үйрөнүү жана изилдөө этабы</td><td>3-этап<br>2022-2024-жыл<br>Негизги этап Практикада колдонуу этабы</td><td>4-этап<br>2025-2026-жыл<br>Жыйынтыктоочу Жыйынтыгын баалоо жана жайылтуу</td></tr>
</table>
</td></tr>
</table>

## Өнүгүү программасын түзүүнүн нормативдик негиздери:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы
- Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы
- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- Балдардын укугун коргоо конвенциясы
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мектеп жөнүндө жобосу.
- Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларынжана жаштарды тарбиялоо концепциясы
- 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү стратегиясы” ж.б.
- Устав

Программаны оңдоо мектептин педагогикалык кеңеши тарабынан жүргүзүлөт.Программаны ишке ашыруу башкармалыгы мектептин директору жана директордун орун басары тарабынан ишке ашырылат.

## Түшүнүк кат

**Мектептин өнүгүү программасы** – билим берүү процессинин негизги тенденцияларын, билим берүү уюмундагы инновациялык кайра түзүүлөрдүн системасын, натыйжалуулук критерийлерин жана пландаштырылган акыркы натыйжаларды сунуш кылган кадрдык жана методикалык камсыздоону уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн чагылдырган ченемдик-башкаруу документи.
**Программаны ишке ашыруу мөөнөтү** 2018-2026-жылдар.
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик стандартынын талаптарына жооп берген жеткиликтүү сапаттуу билим берүүнү камсыздайт.
Мектепти өнүктүрүү программасы мектептин ишин жөнгө салуучу негизги стратегиялык документтердин негизинде даярдалган .
**Программанын негизги идеясы-** коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр, билим берүүнүн сапатын аныктоо ыкмаларынын өзгөрүшү жана билим берүүнүн баалуулук парадигмасына өтүү жана билим берүүдө компетенттүүлүк мамиленин үстөмдүгү менен шартталган жаңы билим берүү стандарттарын кабыл алуу контекстинде мектепти өнүктүрүүнүн жаңы жолдорун издөө.
**Өнүгүү программасы:**

- 2018-2026 – жылдар аралыгында мектепти өнүктүрүүнүн стратегиялык жана тактикалык максаттарын, о.э милдеттерин аныктайт;
- Билим берүүнүн сапатына түзүлгөн социалдык буйрукка жана көрсөтүлгөн мезгилде анын өзгөрүшүн болжолдоого байланыштуу мектептин билим берүү саясатынын негизги багыттарын аныктайт;
- Мектептин педагогикалык жамааты жана билим берүү процессинин башка катышуучулары үчүн иш-аракет үчүн колдонмо б.с.
- Программа акыркы жылдардагы мектептин билим берүү тутумунун негизги жетишкендиктерин сактоого , өнүктүрүүгө багытталган:
- Окуучулардын инсандыгын өнүктүрүү кызыкчылыгында билим берүү программаларын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуучу билим берүү системасын түзүү;
- Билим берүүнүн жогорку сапатына жетишүү үчүн материалдык-техникалык ресурстардынстратегиялык жана тактикалык максаттарын, ошондой эле 2018-2026 – жылдардагы мектептин өнүгүү милдеттерин аныктайт
- Билим берүүнүн сапатына түзүлгөн социалдык буйрукка жана көрсөтүлгөн мезгилде анын өзгөрүшүн болжолдоого байланыштуу мектептин билим берүү саясатынын негизги багыттарын аныктайт;
- мектептин педагогикалык жамааты жана билим берүү процессинин башка катышуучулары үчүн иш-аракет үчүн колдонмо б.с.
- Программа акыркы жылдардагы мектептин билим берүү тутумунун негизги жетишкендиктерин сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган окуучулардын инсандыгын өнүктүрүү кызыкчылыгында билим берүү программаларын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуучу билим берүү системасын түзүү; билим берүүнүн жогорку сапатына жетишүү үчүн материалдык-техникалык ресурстарды жана инфраструктураны оптималдуу пайдалануу;
- Окуучулардын жана педагогдордун жогорку жетишкендиктерине дем берет;
- Билим берүү процессин натыйжалуу башкаруу механизмдерин түзөт;
- Билим берүү процессин илимий-методикалык коштоонун жогорку деңгээлин камсыздайт;
- Ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүү.

Программа мектептин билим берүү тутумун натыйжалуу өнүктүрүүнү камсыз кылган инновацияларды кеңири жайылтууга багытталган

# Мектеп жөнүндө маалымат

Мектеп имараты- типтүү
Ишмердүүлүктүн түрү: Окутуу жолу менен
Окутуунун формасы: Күндүзгү
Кайсы тилде окутулат: Кыргыз, орус тилинде .
Негизделген жылы: 1-сентябрь 1936-ж
Мектеп 600орунгаылайыкталган.

Мектепте спорт зал, спорт аянтчасы ,заманбап 2 футбол аянтчасы жана 1 волейбол аянтчасы, китепкана, ашкана, 1 актовый зал, медициналык кабинет.о.э 28 окуу кабинеттери бар.

Сабактардын башталышы 8.00. Сабактын узактыгы 45 мүнөт.
ОУнун түзүлүшү:

1-баскыч Башталгыч мектеп (1-4-класс) 14 класс комплектиси (окуу мөөнөтү 4жыл)
2-баскыч Негизги билим алуучу мектеп (5-9-класстар)15класс комплектиси (окуу мөөнөтү 5жыл)
3-баскыч Жогорку мектеп (10-11класстар)3класс комплектиси (окуу мөонөтү3жыл)

Окуучулардын саны – 820, жалпы 32 класс комплектиси бар
1-4-кл.-14 класс комплект окуучунун саны- 345;
5-9-кл. 12 класс комплект саны- 410;
10-11-кл. 4 класс комплект, окуучунун саны-55
Мугалимдердин саны – 42
Дареги: Бишкек шаары, Ленин району, Матыева көчөсү №13
Телефону :0312351904
Мектептин башкаруу органы (Устав)
ОУнун мамлекеттик башкаруу органдары: Билим жана илим министрлиги,ШБББ, ЛРБББ, администрация;
Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана мектептин Уставына ылайык, ачыктык, демократия жана өзүн-өзү башкаруу принциптеринин негизинде жүргүзүлөт. Иштерди камсыз кылуу жана мектепте окутуунун жана тарбиялоонун келечектүү багыттарын аныктоо үчүн:
Педагогикалык кеңеш
Мектептин кеңеши
Мектепке жалпы жетекчиликти шайлануучу орган – коллегиалдуу өз алдынча башкаруу органы болуп саналган жана мектептин Уставына ылайык мектептин компетенциясына кирген айрым маселелерди чечүүнү көрсөтүүчү мектеп Кеңеши жүзөгө ашырат.

# МҮНӨЗДӨМӨ, АБАЛЫН ТАЛДОО,НЕГИЗДӨӨ.

Төмөнкү таблицада көрсөтүлгөндөй, билим берүүнүн бардык баскычтарында билимдин сапаты акыркы үч жылдан бери туруктуу өсүп келе жатат, бул система жана мектептин туура иштешине өбөлгө түзөт.

№7 жалпы орто билим берүү мектебинин жылдар боюнча билим сапатынын мониторинги

| Окуу жылдары | Башталгыч мектеп | Ортоңку звено | Жогорку мектеп | Баары |
|---|---|---|---|---|
| 2018-2019-жыл | 41% | 36% | 35% | 38% |
| 2019-2020-жыл | 43% | 32% | 36% | 37% |
| 2020-2021-жыл | 40% | 27% | 33% | 32% |
| 2021-2022-жыл(2-чейрек) | 42% | 35% | 36% | 37% |

9-класстын бүтүрүүчүлөрү боюнча маалымат

| Окуу жылдары | Баары | Күбөлүк алгандардын саны | Артыкчылык менен бүткөндөр | Справка менен бүткөндөр | Экинчи жылга калтырылгандар |
|---|---|---|---|---|---|
| 2018-2019-жыл | 60 | 60 | - | - | - |
| 2019-2020-жыл | 57 | 57 | - | - | - |
| 2020-2021-жыл | 60 | 60 | - | - | - |

11-класстын бүтүрүүчүлөрү боюнча маалымат

| Окуу жылдары | Баары | Күбөлүк алгандардын саны | Артыкчылык менен бүткөндөр | Справка менен бүткөндөр | Окууну андан ары улантkандар |
|---|---|---|---|---|---|
| 2018-2019-жыл | 35 | 35 | - | - | - |
| 2019-2020-жыл | 42 | 42 | - | - | - |
| 2020-2021-жыл | 33 | 33 | - | - | - |

Жогорудагы таблица 11-класстын бардык бүтүрүүчүлөрү аттестат алгандыгын көрсөтөт. Мектепти бүткөндөн кийин жогорку окуу жайларына тапшырышат.

Билим берүү уюмундагы окуучулар үчүн кошумча түзүлгөн шарттар (ийримдер)

Мектеп ичиндеги ийримдерге катышкан окууулардын саны

| кружоктун аты | 2018-2019-жыл | 2019-2020-жыл | 2020-2021-жыл |
|---|---|---|---|
| ✓ Спорт (волейбол,баскетбол)<br>✓ | 36 | 64 | 64 |
| ✓ Предметтик(информатика,мамлекеттик тил,көркөм өнөр) | Информатика-14<br>Мамлекеттик тил-17<br>Көркөм өнөр-14 | Информатика-14<br>Мамлекеттик тил-12<br>Көркөм өнөр-16 | Информатика-14<br>Мамлекеттик тил-12<br>Көркөм өнөр-28 |
| ✓ Бий ийримдери (кыргыз улуттук программаларды камтуу менен) | 18 | 0 | 0 |
| ✓ Окуучулардын кызыгуусуна карата “СЮТ” тарабынан уюштурулган кружоктор: | 120 | 92 | 109 |
| “Жыгач иштетүү” | 18 | 14 | 0 |
| “Сайма саюу” | 26 | 29 | 38 |
| “Информатика” | 44 | 33 | 38 |
| “Көркөм өнөр” | 32 | 16 | 19 |
| “Самоделкин” | 0 | 0 | 14 |

Мектепте спорт ийрими балдардын ден соолугун сактоо жана камсыз кылууга карата балдардын жана ата-энелердин суроо талаптарынын негизинде спорт ийримдери түзүлгөн.

Мектепте өзгөчө башталгыч класстардын балдарынын ден соолугун сактоо максатында “Атам апам жана мен” –деген темада ата-энелер менен биргеликте спорттук мелдештер өткөрүлүп турат.

Окуучулар мектеп ичинде өткөрүлгөн спортакиядаларга жана райондук шаардык масштабда өткөрүлгөн олимпиадаларга активдүү катышып ,жеңүүчү орундарды камсыз кылышат.

Шаардык”Мектеп Лигасы”конкурсунда баскетбол боюнча 2-орун

Райондук “Мектеп Лигасы” конкурсунда волейбол боюнча 2-орун

Райондук”Мектеп Лигасы”конкурсунда бадминтон боюнча 2-орун
Райондук”Мектеп Лигасы”конкурсунда ордо боюнча 2-орун
Ленин райондук Спартакиада -4-орун (12 түр боюнча)
Ленин районун Билим берүү борбору уюштурган “Жоокер” аскердик-спорттук мелдешинде 1-орун .
Шаардык женилатлетикалык чуркоо “Мир-2019” -3-орун
Мектеп Бишкек шаарынын билим берүү чөйрөсүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонот. Жогорку класстар , ошондой эле педагогикалык жамаат (тоолорго, мемориалдык комплекстерге саякат "Ата-бейит",комплекстерине "Бурана” мунарасына, музейлерге барышат.
Жол эрежелерин сактоо боюнча жумалыктар өткөрүлүп турат.

## Педагогикалык жамааттын мүнөздөмөлөрү.

Мугалимдердин жалпы саны-42. Анын ичинен:
Администрация штат боюнча: директор БердалиевЧолпонкул;
ОТИ – боюнча директордун орун басарлары: Джунусбекова А.К.,Жумабекова Н.Д,Мураталиева Г.И.
ТИ-боюнча директордун орун басары Аширкулова М.Б.
Соц.педагог – Асылбекова Чолпон Айткулова
Психолог – Жумабаева Гулнара,
Уюштуруучу – Самудинова Г.К.
Башкы китепканачы – Бекиева Т.Э.
Чарба иштери боюнча директордун орун басары-Бектенова Л.К.
Магистр-3 мугалим;
Жогорку билимдүү-37мугалим;
Бакалавр – 7 мугалим
Орто окуу жайын бүткөндөр -2 мугалим;
Билим берүүнүн отличниги – 13мугалим;
Билим берүү министрлигинин грамотасы – 12мугалим;

| 0-3жылга чейин | 4-9 | 10-19 | 20-29 | 30-39 | 40-50 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 11 | 10 | 9 | 7 | 4 |
| | | | | | |

Педагогдордун көпчүлүгү тажрыйбалуу мугалимдер.

Ардак наамдары жана сыйлыктары бар кызматкерлердин саны:

| Педагогдордун саны | Эл агартуунун мыктысы | Билим берүү жана илим министрлигинин ардак грамотасы | Бишкек шаарынын мэриясынын ардак грамотасы | Бишкек шаарынын БББ грамотасы | Райондук БББ |
|---|---|---|---|---|---|
| 42 | 13 | 11 | 17 | 18 | 27 |

Билимдерин жогорулатуу курстары боюнча

| Билимин жогорулатуучу курстар | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022(жарым.жыл) |
|---|---|---|---|---|
| КАО | 15 | 2 | 4 | 2 |
| КР билим берүү жана илим министирлиги предмет боюнча билим берүү стандарты | 2 | 7 | 6 | |
| USAID Бирге окуйбуз | 8 | | | |
| USAID “Окуу керемет” | | | 6 | 6 |

**Материалдык-техникалык базасы**

Материалдык – техникалык базанын абалы жана мазмуну мектептин имараттары негизинен санитардык нормаларга жана өрт коопсуздугуна жооп берет. 1936-жылы курулган 2 кабаттуу кирпич имаратында жайгашкан жана 2019-жылы мектептин чатыры оңдолгон. 2020-2021-окуу жылында мектептин терезелери жана эшиктери толугу менен кайра салынды.

Мектеп имаратынан өз алдынча жайгашкан зоналар бөлүнгөн ыңгайлуу жер участогунда дене тарбия спорттук (футбол талаасы, баскетбол-волейбол аянтчасы, тилке (башталгыч класстардын окуучулары үчүн оюн зонасы)бар. Мектептин аймагы тосмо менен курчалган.

Мектептин алдында жана ички коридорлордо видеобайкоо орнотулган. Сырты электр жарык менен камсыз кылынган. Мектеп 600 орунга эсептелген ,иш жүзүндө жылдын аягында 820окуучу окуйт.

Кабинеттин ички жасалгалары мугалимдердин жана ата-энелердин жардамы менен жасалгаланган.

Сабак 2 мөөнөттө жүргүзүлөт.

Жылытуунун түрү: көмүр

Мектептин бардык жайлары өрт сигализациясы менен жабдылган;

Ар бир кабинетте стенддер бар жасалгаланган.

Мектепте 3 административдик кабинет: директордук, 2 орун басарларынын кабинети ,1 методикалык кабинет, соц педагог менен психологдун кабинети,китепкана, 28 окуу кабинети, ИДНдин кабинети , медпункт кабинеттери о.эактовый зал, ашкана , спорт залы, кружоктордун кабинеттери бар.

## 2018-2026-жылдарга карата мектепти өнүктүрүү концепциясы.

Бүгүнкү ааламдашуу доорунда билим берүүнүн бардык тармактарында өзгөрүүлөрдү талап кылууда.Өзгөчө мектеп билим берүүнүн эң узак баскычы катарында билим берүүнун сапатына жооп берет. Замандын талаптарына ылайык, ар бир адам, ар бир жаран кайсыл гана чөйрөдө, кандай гана маселени чечүүдө өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарыл.б.а.адамдарды коомчулуктагы тез өзгөргөн карама-каршылыгы көп дүйнөгө жашаганга даярдоо,айланадагы өзгөрүүлөргө ыңгайлашууга жана жооп берүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү мектептен башталаары талашсыз.

Биздин оюбузча, жаңы мектеп – бул жаңы билим берүү стандарттарына өтүү менен сапаттуу заманбап билим берүүнү камсыз кылат.Билим берүү укуктары менен мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилиши керек ж.о.э. келечекте натыйжалуу иштей ала турган,көйгөйлөрдү чече ала турган, биргелешип башка адамдар менен иштей ала турган жаратылыш менен тынчтыкта гармонияда жашай ала турган керектүү адам ресурстарын камсыз кылышыбыз керек.

| | |
|---|---|
| Ата-энелердин талабы | Баланын сапаттуу билим алышы.<br>Балдардын ден соолугун сактоо үчүн психологиялык жагымдуу кырдаалды камсыз кылуу.<br>Азыркы маалыматтык технологияларды үйрөнүүсү жана маалыматтын калыптанышы. |
| Окуучулардын талабы | Окуучулардын билим алуусу үчүн педагогикалык, психологиялык жана материялдык шарттардын түзүлүшү.<br>Азыркы маалыматтык технологияны үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзүү. |
| Мугалимдердин талабы | Кесиптик ишине шарт түзүү.<br>Окутуу тарбиялоо процессин методикалык жактан камсыз кылууну жакшыртуу.<br>Чыгармачылыктврын ишке ашыруу үчүн шарт түзүү. |

- Окутуу тарбиялоо процессинде КР билим берүү мыйзамын аткаруу.
- Мамлекеттик стандарттын талаптарына жооп берген жыйынтыкты алууга жана билим берүү процессинде билим сапатын көтөрүүнү калыптандырууда, мугалимдердин кесиптик өз билимин өркүндөтүүсүн жогорулатууга багытталган эффективдүү шарттарды түзүү.
- Мектептин методикалык ишинин үстүндө иштөөдө билим берүүнүн формасын жана педагогикалык жамааттын өз билимин өркүндөтүүсүн калыптандыруу үчүн мектептин уставына ылайык бирдиктүү иштерди уюштуруу.
- Заманбап ыкмалары колдонуу менен билим берүүнүн сапатын көтөрүү .
- Билим берүүнүн сапаттуулугун сактоо жана бирдиктүү билим берүүнүн натыйжалуу туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу
- Инсандын ар тараптуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн мектеп чөйрөсү аркылуу баланын негизги компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен инсандык сапаттарга тарбиялоо.

# ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ



## 1-багыт.Билим берүүнүн стандарттарын окуу программаларын эффективдүү ишке ашыруу

| № | Иш чара | Мөөнөтү | Аткаруучу . |
|---|---|---|---|
| 1.1 | КР билим берүү стандарттары жөнүндө нормативдүү документтерди окуп чыгуу | дайыма | Мектеп директору<br>ОТИ б-ча директордун орун басарлары |
| 1.2 | Мектептин өнүгүү программасын иштеп чыгуу. | 2018-жыл | мектептин администрациясы |
| 1.3 | Мектептин китепканасын жаңы китептер ,методикалык колдонмолор менен толуктоо. | дайыма | китепканачы |
| 1.4 | Кабинеттерди заманбап технологиялар менен жабдуу. | 2018-2026-ж | жыл сайын |
| 1.5 | Мугалимдерди өз билимин өркүндөтүүсүнүн үстүндө иштөөсүнө шарттарды түзүү,курстарга жиберүү | дайыма | дайыма, график юоюнча |
| 1.6 | Мектеп ичинде түрдүү багытта окуучулардын билим деңгээлин текшерүү, билим берүү процессинин натыйжаларын чагылдырган мониторинг уюштуруу | чейрек сайын | ОТИ б-ча директордун орун басарлары |
| 1.7 | Окуучулардын билим сапатынын деңгээлин көтөрүүгө ата-энелерди катыштыруу | дайыма | предметтик мугалимдер, ата-энелер |
| 1.8 | Мугалимдерди мастер класстарды ,семинарларды,тегерек столдорду өткөрүүгө тартуу | график боюнча | администрация |
| 1.9 | Бардык катышуучулар үчүн мектептин веб-сайтын маалыматтык булак катары өнүктүрүү.<br>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын<br>электрондук китепкана методикалыкресурстарды түзүү, шыктуу банкты түзүүжөнүндө үзгүлтүксүз маалымдооиш-чаралар жана алардын жыйынтыктары ж. б.) | 2022-жыл | www.7edubishkek.kg |
| 1.10 | ИСУО менен иштөө | 2020-жыл | Ашуркулова М |
| Күтүлүүчү натыйжа | | | |
| -билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;<br>- билим берүү процессин маалыматтык-методикалык колдоо;<br>-маалыматтык-коммуникациялык технологияларды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу;<br>-билим берүү процессиндеги маалыматтык ресурстарды, технологияларды; - билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын электрондук өз ара аракеттенүүсү жөнгө салуу | | | |

## 2-багыт.Таланттуу балдарды табуу  жана колдоо  көрсөтүү.

Максаты: Маалыматтык материалдарды колдонуу менен окуучулардын долбоордук иш-аракеттерин уюштуруу. Окуучулардагы өзүнө-өзү билим берүү жана өзүн-өзү билүү көндүмдөрдү калыптандыруу

Бул тажрыйбанын негизги принциптери: илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк, системалуулук жана ырааттуулук, курактык жана окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрү. диалогду жана долбоордук ыкманы колдонуу окутуу куралдары, компетенттүүлүккө жана инсанга багытталган мамиле окутуу.

Милдеттери:

Окутуу методдорун колдонуунун оң натыйжаларына жетишүү;

Окуучулардын  жалпы билим алуусун жана таанып-билүүчүлүк кызыгуусун арттырууга жетишүү,атап айтканда; методикалык сунуштарды, дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу .

Окуучулардын  мобилдүүлүгүн жана өз алдынча иштөө жөндөмүн өнүктүрүү ,ой жүгүртүүгө үйрөтүү, ойлонуу; издөөгө үндөө инновациялык технологиялар менен иштөөгө калыптандыруу.

| № | Иш чара | мөөнөтү | Аткаруучу . |
|---|---|---|---|
| 2.1 | Өкуучуларды түрдүү конкурстарга ,олимпиадаларга ,спорттук мелдештерге даярдоо жана катыштыруу | дайыма | Мектеп директору<br>ОТИ б-ча дир. орун басар |
| 2.2 | Окуучуларды  долбоордук иштерге   тартуу,катыштыруу | жыл сайын | ОТИ б-ча дир.орун басар. |
| 2.3 | Олимпиадалардын,конкурстардын жеңүүчүлөрүнүн  маалымат базасын түзүү | 2021-жыл | ОТИ б-ча дир. орун басар. |
| 2.4 | Таланттуу окуучуларды педагогикалык жактан жетектөө | дайыма | ОТИ б-ча дир. орун басар. |
| 2.5 | Окуучулардын жана мугалимдердин бирдиктүү долбоор түзүү илимий ишмердүүлүгүнө шарт түзүү | жыл сайын | ОТИ б-ча директордун орун басарлары |
| 2.6 | Окуучулардагы  изденүүчүлүк  жана изилдөөчүлүк билгичтиктерин өнүктүрүүчү  иш чараларды уюштуруу. | чейрек сайын | ОТИ б-ча директордун орун басарлары |
| 2.7 | Башталгыч класстын окуучуларын USAID  “Окуу керемет”     долбоорлоруна катыштыруу | дайыма | Мугалимдер |
| Күтүлүүчү натыйжа | | | |
| билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;<br>- билим берүү процессин маалыматтык-методикалык колдоо;<br>-маалыматтык-коммуникациялык технологияларды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу;<br>-билим берүү процессиндеги маалыматтык ресурстарды, технологияларды; - билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын электрондук өз ара аракеттенүүсү жөнгө салуу<br>-Окуучуларда кеп маданиятын калыптандыруу:<br>-Долбоорлорго катышуу | | | |

3-багыты: Педагогикалык кадрлар менен иштөөнү өркүндөтүү

.Максаты: Педагогдордун жогорку кесипкөй жамаатын түзүү жана өнүктүрүү. Чыгармачыл кесиптик ишмердүүлүккө билим берүү системасын өнүктүрүүгө багытталган иш чараларды уюштуруу.

Милдеттери

1..Мугалимдердин теориялык ж-а методикалык деңгээлин жогорулатуудагы жөндөмдөрүн координациялоо, кесиптик байланыш чөйрөсүн түзүү.

2. Мугалимдердин методикалык кыйынчылыктарды диагностикалоо жана өз убагында методикалык жардам көрсөтүү.

3. Таланттуу жана жалындуу балдар менен иштөөнү улантуу жана өркүндөтүү.

4. Педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнүн педагогикалык, новатордук жана башка иш абдан баалуу тажрыйбасын аныктоо, изилдөө жана жайылтуу.

| № | Иш чара | мөөнөтү | Аткаруучу . |
|---|---|---|---|
| 3.1 | Мектеп администрациясынын жана мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү курстарынан өтүүсү | план боюнча | Мектеп директору<br>ОТИ б-ча дир. орун басар. |
| 3.2 | Жаш мугалимдердин мектепке жана өз кесибине адаптациялоо | дайыма | Насаатчылар |
| 3.3 | Мектеп бүтүрүүчүлөрү арасында мугалимдик кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүү Окуучулар жана мугалим менен биргеликте илимий практикалык жана психо-педагогикалык конференция өтүү | 2022-жыл | мектеп администрациясы<br>ЖОЖ проф ориентация боюнча мугалимдери |
| 3.4 | Педагогикалык ЖОЖдордо өткөрүлүүчү ачык эшик күндөргө ,профориентациялык форумдарга,ярмаркаларга катыштыруу | дайыма | класс жетекчилер<br>ЖОЖдын өкүлдөрү |
| 3.5 | Мугалимдерди материялдык жана моралдык жактан стимулдаштыруу механизимин өркүндөтүү үчүн эмгек акысына окутуунун сапатына жараша дифференциацияны киргизүү | ай сайын | Мектеп директору<br>ОТИ б-ча дир. орун басар. |
| 3.6 | Педагогикалык иштерди арттыруу жана жайылтуу боюнча үзгүлтүксүз иштерди уюштуруу.(Үйрөтүүчү ,теориялык жана практикалык семинарлар тегерек столдор) | график боюнча | МУБдун жетекчиси |
| 3.7 | Кесиптик чеберчилик боюнча конкурстарды уюштуруу,катышуу. | | Мугалимдер |
| | Күтүлүүчү натыйжа | | |
| - | Педагогдордун жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүгүнүн өсүшү, калыптанышы<br>• Педагогикалык ой жүгүртүүнүн, системалуулуктун,мугалимдердин билим берүү мейкиндигин өзгөртүүгө, билим берүүнү модернизациялоону, илимий-изилдөө иштерине кошуу;<br>• Мугалимдердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү,<br>• Жаңы педагогикалык технологиялар тутуму жөнүндө так түшүнүү менен чыгармачылык потенциалды ишке ашыруу.<br>• Педагогдордун социалдык-кесиптик статусунун өсүшү; | | |

- Ар кандай деңгээлдеги предметтик олимпиадаларга катышуунун натыйжалуулугун жогорулатуу.
- Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды практикада колдонуу жана жайылтуу.
- Семинарларды өткөрүү.

## 4-багыты: Билим берүү процессинин катышуучуларынын ден соолугун сактоо жана чыңдоо

Максаты:Балдардын ден соолугун сактоо үчүн психологиялык  жагымдуу кырдаалды камсыз кылуу.

| № | Иш чара | мөөнөтү | Аткаруучу . |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Окуучуларды медициналык кароодон жыл сайын өткөрүп туруу, Окуучулардын ден соолугу боюнча мониторинг жүргүзүү. | график боюнча | Мектеп директору<br>ОТИ б-ча директордун орун басарлары |
| 4.2 | Окуучулардын ден соолугун чыңдоочу  дене тарбиялык иштерди жүргүзүү( мелдештер , спортакиялар, спорттук ийримдер) | дайыма | Дене тарбия мугалимдери жана ийримдин жетекчилери |
| 4.3 | Окуучулардын ата-энелери менен биргеликте  спорттук иш чараларды өткоруү | жылына 1жолу | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 4.4 | Мектепте ден соолук күнүн уюштуруу | жылына 1жолу | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 4.5 | Үй бүлөлүк дарыгерлер тобунун борборунун дарыгерлери мене тыгыз байланышта  иш жүргүзүү(эмдөө,жугуштуу оорулардын алдын алуу, окуучулардын санитардык гигиеналык жактан сабаттуулугун жогорулатуу. | Дарыгерлердин макулдашылган графиги боюнча | ТИ боюнча директордун орун басары, кл .жет. дарыгерлер тобу |
| Күтүлүүчү натыйжа | | | |

- Окуучулардын ден соолукта сергек жашоо образынын түзүү;
-руханий жана адеп-ахлактыктын ден-соолук үчүн баалуулугу жөнүндө түшүнүктөрү калыптанат;
- курчап турган дүйнө менен сергек мамилелерди түзүү;,
- окуучулардын жүрүм-турум бузулушунун санын азайтуу;
- ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүү.

•

5-багыт.Тарбиялык иштерди өнүктүрүү

Максаты:

Мектеп окуучусунун жеке адамдык сапатын калыптандыруу менен коомдо өз ордун таап кете ала турган ,өз алдынча чечим чыгара алган , жоопкерчиликтүү инсанды тарбиялоо

| № | Иш чара | мөөнөтү | Аткаруучу . |
|---|---|---|---|
| 5.1 | Мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунунун ишин жогорку деңгээлде уюштуруу | тарбиялык иштер боюнча орун басары | Дайыма |
| 5.2 | Класс активдерин ички тартип эрежелерин көзөмөлдөөгө катыштыруу, | тарбиялык иштер боюнча орун басары класс жетекчи | Дайыма |
| 5.3 | Мектептин салттуу иш чараларын уюштуруу аркылуу окуучулардын коомдук уюштуруучулук ишмердүүлүгүн жогорулатуу | класс жетекчилер | Дайыма |
